КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I -чакырылышынын XI-кезектеги сессиясынын**

# ТОКТОМУ

2026-жылдын 20-февралы №16 Барскоон айылы

**Барскоон айыл аймагынын Тамга жана Тосор айылдарынын башкы планынын долбоорун бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана коммуналдык чарба министрлигин алдындагы "Шаар куруу жана архитектура" департаментинин башкы архитектору, өнөркана башчысы С.Т.Түмөнбаевдин Барскоон айыл аймагынын Тамга жана Тосор айылдарынын башкы планынын долбоору боюнча маалыматын угуп жана талкуулап, жергиликтүү тургундардын сунуш-пикирлерин эске алуу менен, Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. "Шаар куруу жана архитектура" департаментинин башкы архитектору, өнөркана башчысы С.Т.Түмөнбаевдин Тамга жана Тосор айылдарынын башкы планынын долбоору тууралуу билдирүүсү кабыл алынсын.
2. Барскоон айыл аймагынын Тамга жана Тосор айылдарынын башкы пландары өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду эске алуу менен бекитилсин.
3. Тамга жана Тосор айылдарынын башкы планына өзгөртүүлөр жана толуктоолор боюнча сунуштар 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.
4. Айыл өкмөт башчысы А.С.Калыков, Тамга жана Тосор айыл башчылары жана "Шаар куруу жана архитектура" департаментинин өкүлдөрү менен биргеликте сунуштарды карап чыгып, мыйзам нормаларына ылайык өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду башкы пландарга киргизип, ишке ашырууну колго алсын. Кабыл алынган акыркы вариантты коомчулукка жана депутаттар корпусуна маалымдоо иштерин алып барсын.
5. Бул токтом Барскоон жергиликтүү кеңеши менен Барскоон айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.
6. Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаева бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү менен бирге ченемдик-укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтсүн.

7. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

8. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин муниципалдык менчик, жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ч.А.Ажыбеков**

---

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска